**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 21- ноябры № 31/116**

**Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жеке ишкерлер жана инвесторлорго ишкана курууга шарт түзүү максатында Восток-2-1 участогунун күн чыгыш жагынан 26,1 га жер аянтын айыл чарба категориясынан өнөр жай категориясына которуу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 15-ноябрындагы №43 протоколун жана Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 1-орун басары Ж.Курбановдун 2023-жылдын 30-октябрындагы № 01-8/1970 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жеке ишкерлер жана инвесторлорго ишкана курууга шарт түзүү максатында Восток-2-1 участогунун күн чыгыш жагынан 26,1 га жер аянтын айыл чарба категориясынан өнөр жай категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун 1-пунктун аткарууда тийиштүү иш-кагаздарын даярдоо жагы Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**